DOI:10.26104/NNTIK.2022.59.76.041

*Кулманбетова С.М., Бейшеналиева У.У., Асыранбекова М.К.*

# «ПЕРЕВЕРНУТЫЙ КЛАСС» ТЕХНОЛОГИЯСЫ: БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ОРДУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИНДЕ КОЛДОНУУ

*Кулманбетова С.М., Бейшеналиева У.У., Асыранбекова М.К.*

# ТЕХНОЛОГИЯ «ПЕРЕВЕРНУТЫЙ КЛАСС»: ЕЕ МЕСТО В ОБРАЗОВАНИИ И ИСПОЛЬЗОВАНИЕ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ

*S. Kulmanbetova, U. Beishenalieva, M. Asyranbekova*

# TECHNOLOGY «FLIPPED CLASSROOM»: IT'S PLACE IN EDUCATION AND USE IN THE LEARNING PROCESS

*УДК: 378*

*Азыркы учурда билим берүү системасындагы кризистин жана студенттердин кесиптик даярдыгынын сапатынын төмөндөшүнүн себептеринин жоюу үчүн билим берүү системасына чон реформаларды, өзгөртүүлөрдү жүргүзүү мезгилдин талабы болууда. Коомдогу компьютердик технологиялардын өнүгүүсүнүн шартында окутуунун студенттердин керектөөлөрүнө көбүрөөк ыңгайлашкан жаңы ыкмаларды киргизүү, ошондой эле мугалимдин ролун өзгөртүү зарылчылыгы ачык көрүнүп турат. Акыркы убакта өнүккөн мамлекеттердин окуу жайларында аралаш окутуунун бир түрү болгон «перевернутый класс» технологиясы кеңири жайылды. Макалада бул технологиянын негизги мүнөздөмөлөрү берилген жана колдонуунун ар кандай мүмкүнчүлүктөрү, артыкчылыктары каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *«перевернутый класс», окутуунун технологиясы, маалыматтык технологиялар, окутуунун сапаты.*

*В настоящее время для устранения причин кризиса в системе образования и снижения качества профессиональной подготовки студентов назрела необходимость проведения крупных реформ и изменений в системе образования. В условиях развития компьютерных технологий в обществе становится ясно, что необходимо внедрять новые методы обучения, более адаптированные к потребностям учащихся, а также менять роль преподавателя. В последнее время в учебных заведениях развитых стран получила распространение технология «перевернутый класс», представляющая собой разновидность смешанного обучения. В данной статье представлены основные характеристики этой технологии и рассмотрены различные возможности и преимущества ее использования.*

***Ключевые слова:*** *«перевернутый класс», технология обучения, информационные технологии, качество обучения.*

*At present, in order to eliminate the causes of the crisis in the education system and reduce the quality of professional training of students, there is a need for major reforms and changes in the education system. With the development of computer technology in society, it becomes clear that it is necessary to introduce new teaching methods that are more adapted to the needs of students, as well as change the role of the teacher. Recently, in educational institutions of developed countries, the «flipped classroom» technology, which is a kind of blended learning, has become widespread. This article presents the main characteristics of this technology and discusses the various possibilities and advantages of its use.*

***Key words:*** *«flipped classroom», learning technology, information technology, quality of learning.*

Маалыматтык технологиялар биздин жашообузга ушунчалык сиңип калгандыктан азыркы жашообузду компьютерсиз, телефонсуз элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми Интернеттеги маалыматтын көптүгүнөн жана жетиштүүлүгүнөн окутуучу маалымат берүүчү булак катары каралбай калды. Бул учурда окутуучу студенттерге окутулуучу дисциплина боюнча жана келечегине керек болуучу маалыматты алуу боюнча багыт берүүчү консультанттын гана милдетин аткаруу керек. Мындан тышкары азыркы коомдун негизги фактору же коомдогу эң тез өнүгүп жаткан технология бул инновациялык технологиялар болгондуктан студенттерге келечекте болуучу инновациялык ачылыштар, келечектин азыр ойлонуп табыла элек адиси болууга азыртадан даярдоо зарылдыгы келип чыгат. Тынымсыз экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөрдүн шартында студенттерди өз алдынча билим алууга үйрөтүү, аларды билимин өмүр бою жаңыртууга, квалификациясын тынымсыз жогорулатып турууга үйрөтүү өтө маанилүү. Ушуга байланыштуу мугалимдин алдында окуу-тарбия иштерин уюштуруунун методдорун жана формаларын тандоонун татаал милдети турат, аларды окуу жайындагы окуу процессинде ишке ашыруу окуучуларды даярдоодо сапаттын жогорку деңгээлин берет.

Бул коюлган талаптарга шайкеш келүү үчүн жана окуу жайынын коомдогу ордун, конкуренцияга туруштук берүү абалын сактоо үчүн, окуу процессин сапатын көтөрүү максатында окутуунун жаны технологиялары колдонулуп келет.

Акыркы убакта чет өлкөлөрдө гибриддик же аралаш окутуунун формалары кеңири жайылтыла баштады, ал аралыктан окутуунун элементтерин активдүү колдонуу менен электрондук билим берүү ресурстарын, биргелешкен платформаларды, санариптик технологиялар жана Интернетти биргелешип колдонуудан турат. Өнүккөн өлкөлөрдө, атап айтканда, Францияда чет өлкөлүк педагогиканын акыркы тенденцияларынын бири аралаш окутуунун формаларынын бири болгон «перевернутый класс» технологиясы.

Бул технология окууну уюштуруунун жаңы ыкмасы болуп эсептелинет, мында класстык жана класстан тышкаркы иштер орун алмашып аткарылат.

Проблемага багытталган окутуу менен айкалыштырууда бул ыкма көбүрөөк ийкемдүүлүккө ээ жана окуучуларды окуу процессине көбүрөөк тартууну камсыздайт, студенттер критикалык ой жүгүртүүгө жана тапшырмаларды чогуу аткарууга үйрөнүүчү динамикалык жана чыгармачыл чөйрөнү түзүүгө мүмкүндүк берет.

М. Лебрун, «Перевернутая педагогика» китебинин авторлорунун бири, «перевернутый класс» технологиясы менен окутуу – бул жаңы ыкма эмес, тескерисинче, жаңы ой жүгүртүү ыкмасы, анын максаты – предметти тереңдетип үйрөнүүдө класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу окуучулар менен класстык иштиоптималдаштыруу деп жазат [2]. Бул учурда мугалимдин милдети окуучуларды класстан тышкаркы билимди өз алдынча издөөгө кызыктыруу, маалыматты издөөгө гана эмес, анын ишенимдүүлүгүн текшерүүгө, талдоо, сын көз менен түшүнүүгө үйрөтүү.

«Перевернутый класс» термини салыштырмалуу жаңы термин катары айтылганы менен, анын айрым принциптери педагогдор тарабынан көптөн бери колдонулуп келет. Мисалга алсак, АКШдагы Гарвард университетинин физика профессору Э.Мазур студенттерге сабакка даярданып келүүдө, жок дегенде жаңы түшүнүктөр жана терминологиялар менен таанышуу болушу үчүн алдын ала лекциянын материалдарын берген. Сабактын башталышында Мазур чакан сурамжылоо жүргүзүп, анын жыйынтыгы менен окуу материалы канчалык деңгээлде өздөштүрүлгөнүн, кайсы суроолорго өзгөчө көңүл буруу керектигин аныктап, андан соң материалды тереңдетип үйрөтүү жана маселелерди чечүү үчүн студенттерди мини-группаларда иштеткен [3].

«Перевернутый класс» термини биринчи жолу 2007-жылы, АКШдагы орто мектептин химия мугалимдери Д. Бергман жана А. Сэмс окуучуларына теориялык материалдарын эмес, окуу үчүн колдонула турган видеосабактарды тарата баштаганда колдонулган. Бул эки мугалим сабакты көп калтырган студенттерге материалды түшүндүрүү максатында сабактын теориялык бөлүгүн видео кылып жиберип, ал эми класстан окуучулардан келип чыккан суроолорго жооп берүүнүн үстүндө иштешкен жана окуучулардын жаны теманы өздөштүрүүсү бир кыйла жогорулаганын белгилешкен [4].

Азыркы учурда «перевернутый класс» технологиясы чет өлкөлөрдө сабак өтүү учурунда акырындап колдонулуп баштады. «Перевернутый класс» технологиясын сабак өтүүдө колдонууда андагы негизги каражаттар болуп «подкаст», «водкаст» түшүнүктөрү эсептелет.

Подкаст – бул сабактын бир бөлүгүн же жаны теманы аудио түрүндө жаздырып студенттерге алдын ала берүү.

Водкаст – бул ошол эле аудио сабакты видео маалыматтардын коштоосунда берүү. Бул аудио-видео материалдар студенттерге жаны теманы үйдөн даярданып келүүгө берилип, ал эми сабак учурунда ошол материалды өздөштүрүүдө келип чыккан суроолорго жооп берүү, проблемаларды чечүү сыяктуу маселелер каралат. Кыргыз Республикасындагы окуу жайларынын окуу планында студенттин өз алдынча иши үчүн бөлүнгөн саат ошол дисциплина үчүн берилген сааттын жок дегенде жарымына барабар. Ошол себептен бул «перевернутый класс» технологиясын студенттердин өз алдынча ишин аткарууга колдонсок, студенттин өз алдынча ишине басым жасоо менен студенттерди өз алдынча изденүүгө, маалымат топтоого, аны анализдөөгө үйрөтөбүз. Студенттерге подкаст (водкаст) жасоону үйрөтүү менен бирге аны колдонуу боюнча түшүнүктөр берилип, алар өздөрү да подкаст тартып, аудио-видео материалдарды даярдоо үчүн PowerPoint офистик программасын колдонуп же Google презентацияны колдонуп материалдарды даярдап, даяр болгон материалды атайын билим берүүчү системага (LMS), Youtube каналга жана социалдык тармактарга жайгаштырууга болот.

Жогоруда айтып кеткендей студенттерге билим берүүдо окутуунун көптөгөн методдорун, технологияларын колдонууга болот. Бул жаны методдордун ичинен «перевернутый класс» технологиясы азыркы мезгилдин талабына ылайык келген жана студенттин өз алдынча иштөөсүнө басым жасаган жаны окутуунун технологиясы болуп саналат деп айта алабыз.

**Адабияттар:**

1. Johnson L., Adams Becker S., Estrada V., Freeman A. Отчет NMC Horizon: высшее образование - 2015 // Остин, Техас: New Media Consortium, 2015.
2. Dumont A., Berthiaume D., Lebrun M., La pédagogie inversée. Enseigner aut-rement dans le super-c la classe inversée. - De Boeck Supérieur s.a., 2016. -P. 235.
3. Mazur E. Peer instruction: A User's Manual // Prentice-Hall, Upper Saddle River, NJ, 1997.
4. Bergmann J., Sams A. Flip your classroom: reach every student in every class every day // Washington, DC: International Society for Technology in Education, 2012.
5. Акматова Ч. Методы формирования этнокультурных и языковых коммуникативных компетенций у студентов по предмету «Литературное чтение». // Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 6. С. 251-256.